**Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жана Чүй областынын өнүктүрүү фондунун 2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө отчёт**

**Аудиттердин негизи**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2026-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн буйруктары.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Аудиттин жооптуу тарабы болуп Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты жана Чүй областынын өнүктүрүү фонду эсептелет.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Аудит субъектинин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудитордун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде аудит субъектилеринин бюджеттеринин аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат.

Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчётто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттарын аныктоо**

Биздин жумуш INTOSAI тарабынан сунуш кылынган аудиттин негизги принциптерине жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартында № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштырууу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөлүшү**

Аудиттер Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартында № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмонун талаптарына ылайык жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит субъекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудиттерди жүргүзүү үчүн аудитке берилген маалыматтар үчүн аудит субъекттеринин кызмат адамдары жоопкерчилик тартат.

**Мурдагы аудиттин жазма буйругунун аткарылышы жана башка мамлекеттик органдар тарабынан текшерүүлөрдүн жыйынтыктары**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуу жөнүндөгү» Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" Тартибинин талаптарын бузуу менен, келишимдерде жумуштарды аткаруу мөөнөттөрү, ошондой эле келишимди убагында аткарбагандыгы үчүн айып тартуу пункттары көрсөтүлбөстөн 2 464,8 миң сомго сатып алуулар орун алган.

**2025-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн бюджеттик каражаттар боюнча сметасынын аткарылышы.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын "2025-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө" №2 отчётуна ылайык, 2025-жылга бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасы 51 477,4 миң сомго бекитилген, жыл ичиндеги өзгөрүүлөр менен 52 126,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 46 891,4 миң сомду түзгөн.

**Резервдик фонд**

2025-жылга карата чыгымдар сметасынын 2824 "Резервдик фонддор" беренеси боюнча тактоолор менен чыгымдар 4 924,0 миң сомго бекитилсе, кассалык чыгымдар 4 843,5 миң сомду түзгөн.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин аткарылышы, баардык олуттуу аспекттери боюнча, аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратындагы товардык материалдык баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун жыйынтыгы менен компьютердик жабдуулардын, кеңсе техниканын жана жабдууларынын, ошондой эле арзан баадагы тез эскирүүчү предметтердин сан жагынан ашыкчасы аныкталган (тизме тиркелет).

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратындагы товардык материалдык баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризациялоонун жыйынтыгы менен сан жагынан ашыкча деп табылган компьютердик жабдуулардын, кеңсе техниканын жана жабдууларынын, ошондой эле арзан баадагы тез эскирүүчү предметтердин бирдиктери, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын 6-параграфынын жана 11-параграфынын ылайык, нарктык баа берүү жүргүзүлүп, бухгалтердик эсеп-кысаптын тийиштүү эсептерине киришелсин.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын "Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп" автоматташтырылган маалыматтык системасында бухгалтердик отчеттуулуктун формаларынын ортосундагы байланыш жеткире иштелип чыкпагандыгына байланыштуу тиркемелер менен бухгалтердик балансты түзүүдө

белгилүү бир кыйынчылыктар орун алган, жана “Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп” автоматташтырылган маалыматтык системасынын негизинде гана аудиттик иш чараларды аткаруу мүмкүнчүлүгү төмөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине борбордук бухгалтердик эсеп программасынын автоматташтырылган маалыматтык системасын толуктап иштеп чыгуу жана өркүндөтүү боюнча сунуштар жиберилсин.

**Чүй областынын өнүктүрүү фонду**

**Мурдагы аудиттин жыйынтыгы менен жиберилген жазма буйруктун жана сунуштардын аткарылышы**

Чүй областынын өнүктүрүү фонду боюнча 2024-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында **7 396,7** миң сом каржы бузуулар жана кемчиликтер аныкталган, анын ичинде калыбына келтирүүгө тийиш болгон бузуулар **903,5** миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы” конституциялык Мыйзамынын 7-беренесинин талаптарын бузуу менен, мурдагы аудиттин жыйынтыгы менен **717,5 миң сомду** калыбына келтирүү жөнүндө жиберилген жазма буйрук аткарылбай келет, анын ичинен:

1. Аудиттин жүрүшүндө, келишимдерде бекитилген мөөнөттөрдө өз милдеттерин аткарбаган Аткаруучуларга 0,1% өлчөмүндө эсептелген **589,2 миң сом** айып-төлөм өндүрүлгөн эмес;
2. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 200 жана 202-беренелеринин талаптарын бузуу менен Фонддун кызматкерлерине чегерилген он үчүнчү эмгек акы менен компенсациялардан **31,3 миң сом** киреше салыгы, жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарын бузуу менен жумуш берүүчүдөн 17,25% төгүмдөрү **61,4 миң сом,** жана **35,6 миң сом** кызматкерлерден социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү кармалбай келет.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын талаптары аткарылсын, жана калыбына келтирилбеген **717,5** миң сом өндүрүлсүн.

Социалдык, экономикалык жана инфраструктуралык долбоорлорду каржылоого алгачкы смета 216 187,1 миң сомго божомолдошуп, жыл ичинде тактоолор менен 501 015,0 миң сомго бекитилген, кассалык чыгымдар 308 739,8 миң сомду түзгөн, же болбосо 2025-жылы бюджет 61,6% өздөштүрүлгөн.

2025-жылы социалдык жана инфраструктуралык долбоорлор боюнча жалпы 486 416,7 миң сомго 102 билдирме келип түшкөн, анын ичинен Чүй областынын Өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен 443 868,6 миң сомго, өздүк салым 42 425,8 миң сомго жана башка булактардан долбоорлор боюнча 122,3 миң сомго түшкөн.

Чүй областынын өнүктүрүү фондунун 2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгында **581,9 миң сомго** финансылык бузуулар жана кемчиликтер аныкталган, анын ичинен 581,9 миң сом калыбына келтирүүсү тийиш, анын ичинде:

**210202** Бюджетке төлөмдөр, туумдар жана айып пулдарды өндүрүү боюнча көрүлбөгөн чаралар – 581,9 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Чүй областынын өнүктүрүү фондунун 2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин аткарылышы, бардык олуттуу аспекттери боюнча, аудиттин тиешелүү критерийлерине шайкеш келгендиги аныкталды.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-сентябрындагы №554 "Региондорду өнүктүрүү фонддорунун маселелери жөнүндө" токтомунун аткаруу максатында, Аткаруучулар тарабынан түзүлгөн келишимдердин шарттарында көрсөтүлгөн капиталдык курулуш жана оңдоо иштерин аткаруу жана товарларды жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн айып-төлөм каралган, бирок Чүй областынын Өнүктүрүү фонду тарабынан айып-төлөм эсептелбей келген.

Аудитин жүрүшүндө, Аткаруучуларга жалпы **581,9 миң сомго** айып-төлөмдөр эсептелген, анын ичинен:

**Чүй айыл өкмөтү**, "Вортек" ЖЧК тарабынан таштанды ташуучу автоунааларды жеткирүү мөөнөтү 12 календардык күнгө кечиктирилгендиги үчүн 18,7 миң сомго айып-төлөм эсептелген;

**Абдыкерим Сыдыков айыл өкмөтү,** "Вортек" ЖЧК тарабынан таштанды ташуучу автоунааларды жеткирүү мөөнөтү 35 календардык күнгө кечиктирилгендиги үчүн 52,5 миң сомго айып-төлөм эсептелген;

**Орто-Кайынды айыл өкмөтү**, "Вортек" ЖЧК тарабынан таштанды ташуучу автоунааларды жеткирүү мөөнөтү 26 календардык күнгө кечиктирилгендиги үчүн 90,7 миң сомго айып-төлөм эсептелген;

**Курама айыл өкмөтү,** "Орто-Арык айылындагы инновациялык борбордун аймагындагы асфальт-бетон тротуарды оңдоо" объектиси боюнча, Аткаруучу "Су-4 Кара-Балта" ЖЧК тарабынан курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 20 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 51,0 миң сомго айып-төлөм эсептелген;

**Таш-Мойнок айыл өкмөтү, "**Беш-Күнгөй орто билим берүү мектебинин аймагын тозуу" объектиси боюнча, Аткаруучу "Мирбек Строй" ЖЧК тарабынан курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 45 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 107,5 миң сомго айып-төлөм эсептелген;

**Токмок шаарынын мэриясы, "**Токмок шаарынын балдар өспүрүмдөр спорт мектептеринин аймагына воркаут аянтчаларын орнотуу" жана "Токмок шаарынын 1 жана 3-кичи райондорунун ортосундагы сейил бакка балдар ойноочу аянтчаларды орнотуу" объектилери боюнча, Аткаруучу "Бленд групп плюс" ЖЧК тарабынан курулуш иштеринин мөөнөтүн 75 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 26,7 миң сомго айып-төлөм эсептелген;

**Сокулук айыл өкмөтүндө "**Воркаут аянтчаларын орнотуу иштери" объектиси боюнча, Аткаруучу "Бленд групп плюс" ЖЧК тарабынан курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 12 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 36,0 миң сомго айып-төлөм эсептелген;

**Суусамыр айыл өкмөтүндө** "Воркаут аянтчаларын орнотуу иштери" объектиси боюнча, Аткаруучу "Бленд групп плюс" ЖЧК тарабынан курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 49 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 188,0 миң сомго айып-төлөм эсептелген.

**Онбир-Жылга айыл өкмөтүндө "**Воркаут аянтчаларын орнотуу иштери" объектиси боюнча Аткаруучу "Бленд групп плюс" ЖЧК тарабынан курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 42 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 10,8 миң сомго айып-төлөм эсептелген.

**Сунуштама:**

Курулуш иштерин аяктоо жана товарларды жеткирүү мөөнөттөрүн сактабагандыгы үчүн Аткаруучулардын эсебинен жалпы **581,9 миң сом** айып-төлөмдөрдү бюджетке өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинен:

**Чүй айыл өкмөтү**, “Вортек” ЖЧК эсебинен таштанды ташуучу автоунааларды жеткирүү мөөнөтү 12 календардык күнгө кечиктирилгендиги үчүн 18,7 миң сом;

**Абдыкерим Сыдыков айыл өкмөтү,** “Вортек” ЖЧК эсебинен таштанды ташуучу автоунааларды жеткирүү мөөнөтү 35 календардык күнгө кечиктирилгендиги үчүн 52,5 миң сом;

**Орто-Кайынды айыл өкмөтү**, “Вортек” ЖЧК эсебинен таштанды ташуучу автоунааларды жеткирүү мөөнөтү 26 календардык күнгө кечиктирилгендиги үчүн 90,7 миң сом;

**Курама айыл өкмөтү,** “Орто-Арык айылындагы инновациялык борбордун аймагындагы асфальт-бетон тротуарды оңдоо” объектиси боюнча Аткаруучу “Су-4 Кара-Балта” ЖЧК эсебинен курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 20 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 51,0 миң сом;

**Таш-Мойнокский айыл өкмөтү, “**Беш-Күнгөй орто билим берүү мектебинин аймагын тосуу” объектиси боюнча Аткаруучу “Мирбек Строй” ЖЧК эсебинен курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 45 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 107,5 миң сом;

**Токмок шаарынын мэриясы, “**Токмок шаарынын балдар өспүрүмдөр спорт мектептеринин аймагына воркаут аянтчаларын орнотуу” жана “Токмок шаарынын 1 жана 3-кичи райондорунун ортосундагы сейил бакка балдар ойноочу аянтчаларды орнотуу” объектилери боюнча Аткаруучу “Бленд групп плюс” ЖЧК эсебинен курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 75 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 26,7 миң сом;

**Сокулук айыл өкмөтүндө** “Воркаут аянтчаларын орнотуу иштери” объектиси боюнча, Аткаруучу “Бленд групп плюс” ЖЧК эсебинен курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 12 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 36,0 миң сом;

**Суусамыр айыл өкмөтүндө** “Воркаут аянтчаларын орнотуу иштери” объектиси боюнча Аткаруучу “Бленд групп плюс” ЖЧК эсебинен курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 49 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 188,0 миң сом;

**Онбир-Жылга айыл өкмөтүндө “**Воркаут аянтчаларын орнотуу иштери” объектиси боюнча Аткаруучу “Бленд групп плюс” ЖЧК эсебинен курулуш иштеринин аяктоо мөөнөтүн 42 календардык күнгө кечиктиргендиги үчүн 10,8 миң сом.

Мындан ары, капиталдык курулуш жана оңдоо иштерин, жана башка кызматтардын өз убагында аткарылуусун камсыздоо ошондой эле товарларды жеткирүүгө түзүлгөн келишимдердин шарттарынын талаптарын аткарылуусун камсыздоо максатында, келишимдерде бекитилген айып-төлүөмдөрдү эсептөө практикасы колдонулсун.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмү тарабынан Чүй областынын аймагында, 2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Чүй областынын өнүктүрүү фондунун эсебинен аткарылган курулуш жана оңдоо иштерине, ошондой эле, Чүй областынын өнүктүрүү фондунан курулуш жана оңдоо иштерине бөлүнгөн каражаттарга шайкештик аудит жүргүзүлө элек болгонуна байланыштуу, курулуш боюнча аудиттин жыйынтыгы менен кошумчалар жана толуктоолор, аудит жүргүзүлгөндөн кийин киргизилет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын Бишкек шаары,**
**Чүй жана Талас областтары боюнча**
**аймактык бөлүмүнүн жетекчиси** **Т.Т. Шаменов**

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Г. Атагельдинова